КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА ОШ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ

ОШСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

723510, Ош шаары, Ленин көчөсү 221
тел./факс 5-53-44

723510, город Ош, ул. Ленина 221
тел./факс 5-53-44

**24-апрель 2024-жылы байланыш борборуна Жумакадыр Дармамбековдун кайрылуусу жөнүндө**

**№8 ЧЕЧИМИ**

Жумакадыр Дармамбеков тарабынан жазылган кайрылуу боюнча №5284 участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасын округдук шайлоо комиссиясына чакырылып, ал агитаторлор тарабынан алып келинген добуш берүү жайынан сырткары арыздарды төрага А.Жээнбеков өзү кабыл албай койгондугун айтып берди. Ошондой эле УШКнын мүчөлөрү тарабынан эч кандай арыз алынбаганын, добуш берүү жайынан сырткары жазылган арыздарды мүмкүнчүлүгү чектелген жаран өзү же жакын туугандары тастыкталган аныктамалары менен тапшыруусу зарыл экендигин биле тургандыгын тастыктады. Ошондой эле ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген жарандардын тизмеси **(ДМЧЖТ)** боюнча маалыматта да, агитатор тарабынан алып келинген жарандар боюнча маалымат жок. Эч кандай Э.Эргешовдун агитатору арыз алып келеген эмес. Бул маалымат боюнча А.Жээнбеков түшүнүк кат жазып берди. (Түшүнүк кат тиркелет). Жогорудагы маалыматты эске алып, №7 Ош округдук шайлоо комиссиясы

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. А.Жээнбековдун маалыматы жана түшүнүк каты эске алынсын.
2. Ж.Дармамбековдун кайрылуусу канааттандырылбасын.
3. Бул чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө №7 Ош округдук шайлоо комиссиясынын катчысы Н.Н. Жабаркуловага жүктөлсүн.

**№7 Ош ОШКнын төрагасы:** **К.Т.Бердибекова**

**№7 Ош ОШКнын катчысы:** **Н.Т.Жабаркулова**

Ош шаардык АШ Канон
торагасы Н. Бердибековуч
УИК № 5284 түн төрагасы
Жээнбеков Алмазбектен

Түшүнүк кат

Бүгүн, 2024 ж. 24-апрель күнү өздүгү
Такталбаган бир жаран УИК 5284 ко
каралган аймакта жашаган 1) 08.06.1972 ж.т
Сабырбалдыев Абдимиталип Баатырбекович,
2 Сарыкова Айдана 08.03 1998 ж.т
3 Абдижалил уулу Бексултандар жөнүндө
инвалид деген жалган документтерди алып
келди. Врачтар тарабынан бул оорулуулар
жөнүндө баса албайт деген кортунду жок
экендиген, булардын туугандары алып
келбеди.
Кайсы бир депутаттан окуму алып
кеткен документтерди алган жокмун.

УИК 5284 төрагасы [signature] Жээнбеков А.

24.04.2024 ж.